04-апреля 2018
ГПЮ 0018074
25.12.14

**2018-жылдын «26» мартында**
**уюштуруучулардын чечими менен**
**«Бекитилген»**

# «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары»
## коомдук бирикмесинин

# УСТАВЫ

## I. Жалпы жоболор

**1.1.** «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары» коомдук бирикмеси (мындан нары – Коомдук бирикме) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин, «Коммерциялык эмес уюмдары жөнүндө» мыйзамынын жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын негизинде түзүлдү.

**1.2.** Коомдук бирикме Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин тийиштүү органдары тарабынан катталгандан кийин юридикалык жак статусуна ээ болот, анын эмблемасы түшүрүлгөн, мамлекеттик жана расмий тилдерде аталыштары бар мөөрү, башка мөөрлөрү, штамптары белгиленген үлгүдөгү бланктары, эсептик жана башка каржылык эсептерге ээ болот жана сот органдарында доочу жана жоопту болуп чыга алат.

**1.3. Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

**мамлекеттик тилде:** «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары» коомдук бирикмеси.

**расмий тилде аталышы:** Общественное объединение «Попечители средней школы №54 имени Турдумамата Сарыкова».

**Юридикалык жактын кыскартылган фирмалык аталышы:**

**мамлекеттик тилде:** «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары» КБ.

**расмий тилде аталышы:** ОО «Попечители средней школы №54 имени Турдумамата Сарыкова».

Коомдук бирикменин юридикалык дареги (жайгашкан жери): Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Өзгөн району, Дөң-Булак айылдык аймагы, Чымбай айылы.

**1.4.** Коомдук бирикме өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн указдарына жана буйруктарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу-органдарынын жана айылдык кеңештин токтомдоруна, буйруктарына жана Ушул жобого таянуу менен билим берүү мекеме-уюмдары менен тыгыз иш алып барат.

## II. Коомдук бирикменин укуктук жобосу.

**2.1.** Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Коомдук бирикме юридикалык жак, милдеттенме боюнча обочолонгон мүлккө ээ болуп, ага жооп берет. Мүлктүк жана өздүк мүлктүк эмес укуктарды ишке ашырат, аткарат, милдеттүү сотто доогер жана жооп берүүчү боло алат.

**2.2.** Коомдук бирикменин башкаруу органындагы мүчөлөрүнө жумуш менен түздөн-түз байланышкан чыгымдарды компенсациялоодон сырткары, аларга коюлган милдеттерди аткаргандыгы үчүн сыйлык акы берүү укугу жок.

**2.3. Коомдук бирикме өз ишмердүүлүгүн аткарууда төмөндөкүлөргө укуктуу:**

- Юридикалык жана физикалык жактар менен келишимдерди, контракттарды түзүү, жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тосколдук кылбаган юридикалык иш-аракеттерди жүргүзүү;
- Каржы операцияларын жүргүзүү, өз алдынча өз карамагындагы мүлктөрдү жана акча каражаттары колдонуу;
- Ижарага мүлктөрдү жана имараттарды алуу:
- Юридикалык жана физикалык жактар акысыз жана акылуу кызматтарды көрсөтүү;
- Өндүрүштү өнүктүрүү жана материалдык сый (дем берип кызыктыруу) фондун уюштуруу;
- Өз алдынча ишмердүүлүгүн пландаштыруу жана келечектеги өнүгүүсүн аныктоо;
- Коомдук бирикменин ишине тиешелуу маселелер боюнча сот органдарына кайрылууга жана катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамына туура келген жана башка иш-аракеттерди жүргүзүү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Коомдук бирикме өзүнүн милдеттенмелерине, өзүнүн менчик мүлктөрү жана каражаттары менен жоопкерчилик тартат.

## III. Коомдук бирикменин ишмердүүлүгүнүн милдеттери жана максаттары.

**3.1. Коомдук бирикменин негизги максаты:** «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин» (мындан ара – мектеп) уставдык функцияларын ишке ашыруу, мектептин материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого багытталган уюмдардын жана жеке

жактардын биргелешкен аракеттерин бириктирүү, ошондой эле жалпы билим берүү уюму тарабынан бюджеттен сырткаркы мүлктөрдүн максаттуу колдонулушун көзөмөлдөө.

**3.2. Коомдук бирикменин негизги милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелинет:**

- Демөөрчүлүк жардамдарды жана гранттарды максаттуу жана рационалдуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;
- Мектептин материалдык техникалык жана окуу-базасын чыңдоого, жакшыртууга, анын айлана тегерегин жана имаратын көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- Билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн шарттарды жакшыртууга, окуучулардын өмүрүн ден-соолугун коргоого көмөктөшүү;

## IV. Коомдук бирикменин функциялары.

**4.1. Коомдук бирикменин функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:**

- Мектептин өнүгүүсүн жана ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн бюджеттен сырткары кошумча каржы булактарын тартууга көмөктөшүү жана ар кандай кайрымдуулук акцияларын уюштуруу;
- Мектептин педагогикалык жамаатынын жана башка кызматкерлеринин эмгек шарттарын жакшыртууга жана уюштурууга көмөктөшүү;
- Мектепте конкурстарды, мелдештерди, жана башка массалык иш чараларды уюштурууга көмөктөшүү;
- Мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоого, анын имаратын жана айлана тегерегин көрктөндүрүүгө көмөктөшүү;
- Мектептин иш-аракеттерин так иштөөсүн жогорулатууга багытталган демилгелерди талдоо, аларды колдоо жана иш жүзүндө көрсөтүүгө көмөктөшүү;
- Социалдык жактан муктаж болгон балдардын контингентин бөлүп чыгаруу жана аларга жардам көрсөтүү;
- Спартакиадаларда, олимпиадаларда байгелүү орундарды алган окуучуларга жана окуунун мыктыларына материалдык жактан жана башка баалуу белектер менен кызыктыруу;
- Эл-аралык, жергиликтүү өз-алдынча башкаруу жана билим берүү тармагындагы органдар менен тыгыз байланышта иш алып баруу;
- Массалык маалымат каражаттарында үгүт иштерин жүргүзүү максатында газета, усулдук адабият, колдонмо буклеттерди чыгаруу;

**4.2.** Коомдук бирикме ушул уставта көрсөтүлгөн иш-аракеттерден тышкары, мектептин ишмердүүлүгүнө байланышкан башка суроолорду карап чыгууга укуктуу.

## V. Коомдук бирикменин мүчөлөрү жана алардын укуктары жана милдеттери.

**5.1.** Коомдук бирикменин уставын тааныган, анын максатын көздөгөн, ишмердүүлүгүнө катышкан, Кыргыз Республикасынын жарандары мүчө болушу мүмкүн.

**5.2.** Мүчөлүккө коомдук бирикменин төрагасынын атына жеке арыз берүүнүн негизинде кабыл алынат. Кабыл алуу жөнүндө чечим Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн кезектеги жалпы чогулушунда бекитилет.

**5.3.** Коомдук бирикменин мүчөлөрү, мүчөлөрдүн жалпы чогулушу менен бекитилген мүчөлүк акыны өз убагында төлөөгө жана башка жүктөлгөн милдеттемелерин аткарууга милдеттүү.

**5.4.** Коомдук бирикменин мүчөсү, бирикменин мүчөлүгүнөн өзүнүн каалоосу боюнча чыгууга укуктуу.

**5.5.** Коомдук бирикменин мүчөсү, бирикменин мүчөлүгүнөн төмөнкү себептердин негизинде чыгарылышы мүмкүн:

- Эгерде мүчөлөрдүн жалпы чогулушунда бекитилген мүчөлүк акыны алты ай ичинде төлөбөсө;
- Эгерде Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана ушул уставда каралган милдеттерин аткарбаса;

**5.6. Коомдук бирикменин мүчөлөрү төмөндөкүлөргө укуктуу:**

- Коомдук бирикменин тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар менен колдонууга;
- Коомдук бирикменин жалпы мүчөлөрүнүн чогулушунда, күн тартибинде каралган суроолорду чечүүдө катышууга жана өз пикирин билдирүүгө;

- Коомдук бирикменин жалпы мүчөлөрүнүн чогулушунда өз добушун берүүгө;
- Коомдук бирикменин башкаруу органдарына талапкерлерлике сунуштоо, шайлоо жана өзүн талапкер катары чыгууга;

**5.7. Коомдук бирикменин мүчөлөрү төмөндөкүлөргө милдеттүү:**

- Коомдук бирикменин уставынын жана башка, мүчөлөрдүн чогулушунда жана аткаруучу орган тарабынан кабыл алынган ичка актылардын ченемдерин сактоого;
- Коомдук бирикменин жалпы мүчөлөрдүн чогулушунда бекитилген мүчөлүк акыны өз убагында төлөөгө;

## VI. Коомдук бирикмени башкаруу тартиби.

**6.1. Коомдук бирикмени башкаруу органдары:**

- Жогорку орган – жалпы мүчөлөрүнүн чогулушу.
- Аткаруучу орган – Төрага/Төрайым (мындан ары – Жетекчи).
- Көзөмөлдөөчү орган – Ревизор;

**6.2.** Коомдук бирикменин жалпы мүчөлөрүнүн чогулушун, ата-энелердин коомчулугунун өкүлдөрү түзөт.

6.2.1. Коомдук бирикменин Жалпы мүчөлөрүнүн отурумунда, Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышса өткөрүлүүгү мүмкүнчүлүк алат. Жалпы мүчөлөрдүн отурумунда, катышкандардын 2/3 кем эмес добушун алган чечим кабыл алынды деп эсептелинет. Жалпы мүчөлөрдүн отуруму зарылчылыктын чегинде 3 айда бир жолу Жетекчинин чечими менен чакырылып өткөрүлөт.

6.2.2. **Коомдук бирикменин жалпы мүчөлөрүнүн чогулушунун компетенциясына кирген маселелер:**

- Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- Коомдук бирикменин иштеринин артыкчылык багытын аныктоо, анын мүлкүн пайдалануунун тартиби;
- Коомдук бирикмеге мүчөлүккө кабыл алуу жана андан чыгаруу;
- Коомдук бирикменин Аткаруучу органын (төрагасын/төрайымын) шайлоо жана кызмат ордунан бошотуу;
- Коомдук бирикменин филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн түзүү жөнүндө чечимдерин кабыл алуу;
- Коомдук бирикменин ишине башка юридикалык жактардын катышуусу;
- Кайра уюштуруу жана жоюу;
- Устав тарабынан коомдук бирикменин башка органдарынын компетенциясына таандык кылынган башка маселелер.

Коомдук бирикменин жалпы чогулуштун отурумдарын өткөрүү жана мүчөлөрдү жазуу түрүндө сурап билүү жолу менен чечим кабыл алышы мүмкүн. Жалпы чогулуштун отурумун жана жазуу түрүндө сурап билүүнү өткөрүүнүн тартиби устав тарабынан аныкталат.

**6.3. Коомдук бирикменин Жетекчиси -** коомдук бирикменин ыйгарым өкүлү болуп эсептелинет жана анын атынан бардык тараптар менен ишеним катсыз иш жүргүзө алат.

**6.3.1. Коомдук бирикменин Жетекчиси:**

- Коомдук бирикменин Жалпы мүчөлөрүнүн чоглушунда кабыл алынган чечимдерин, буйруктарын аткарат;
- Коомдук бирикменин иштерин уюштурат, ошондой эле өз ара мамиледе иштешүүдө Коомдук бирикменин ишин бардык мамлекеттик уюмдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу уюмдарында жана башка уюмдарда көрсөтөт;
- Коомдук бирикменин отурумунда каралуучу маселелерди аныктап, Жалпы мүчөлөрүнүн отурумун чакырат;
- Коомдук бирикменин ишинин жыйынтыктарын жалпылаштырат жана анын ишин жакшыртууга багытталган чараларды көрөт;
- Жалпы билим берүүчү уюмдарды түзүүчүлөргө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына маалымат берет;
- Коомдук бирикменин чечимине ылайык башка иш-аракеттерди жүргүзөт;
- Коомдук бирикменин атынан жарандык жана башка юридикалык келишимдерди түзөт;

- Коомдук бирикменин өзүнүн ишмердүүлүгүндө жүргүзгөн иш-кагаздарын мыйзам чегинде алып барат;

**6.3.2.** Эгерде, Коомдук бирикме чарбалык жана башка иштерди жүргүзсө, 6 айда бир Коомдук бирикменин жалпы мүчөлөрүнүн отурумунда жазма түрүндө уставдык жана финансылык ишмердүүлүгүнүн эсеп-кысабы жөнүндө маалымат берет.

**6.3.3.** Коомдук бирикменин жетекчиси, Коомдук бирикменин материалдык жана каржылык абалына ар кандай коркунуч же коркунуч пайда кыла турган башка жагдайлар пайда болсо, Мүчөлөрдүн жалпы чогулушун отурумун уюштуруп ал жөнүндө билдирүүсү зарыл.

**6.3.4.** Башкаруунун башка органдарынын компетенциясына тиешелүү болгон башка суроолор жетекчинин компетенциясына жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүк боюнча кирет.

**6.3.5.** Коомдук бирикменин Жетекчиси, жалпы мүчөлөрүнүн чоглушунун чечими менен 1 жылдык мөөнөткө шайланат (кайра шайланат).

**6.3.6.** Коомдук бирикменин Жетекчиси өз милдеттерин үчүнчү жакка бере албайт.

**6.3.7.** Коомдук бирикменин Жетекчиси узак убакытка жок болгон учурда жалпы мүчөлөрүнүн чоглушунун чечими менен убактылуу жаңы жетекчи шайланат.

**6.4.** Коомдук бирикменин финансылык жана чарбалык ишин көзөмөлдөө үчүн бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу бирикменин Ревизорун шайлайт. Коомдук бирикменин Ревизору, бирикменин төрагасы боло албайт.

**6.4.1.** Ревизор, Коомдук бирикменин финансылык-чарбалык ишин текшерет, ошондой эле бирикменин бүткүл ишинин ченемдик укуктук актыларга ылайыктыгын текшерет. Ревизор бирикменин текшерүүгө квалификациялуу адисти тартууга укуктуу.

**6.4.2.** Ревизор бирикменин финансылык жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча финансылык абалын текшерет, бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун, бирикменин мүчөлөрүнүн он пайызынан кем эмесинин талабы, ошондой эле өз демилгеси боюнча бирикменин финансылык-чарбалык ишин текшерет.

**6.4.3.** Ревизору бирикменин кызмат адамдарынан текшерүү үчүн зарыл документтерди берүүнү талап кылууга укуктуу.

**6.4.4.** Ревизору текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча бирикменин аткаруучу органына кат жүзүндө корутунду берет.

Коомдук бирикменин ишин ревизиялык текшерүүнүн жыйынтыгы 7 күндүн ичинде бирикменин Аткаруучу органы биргелешкен жыйынында каралат, андан кийин мүчөлөрүнүн кезексиз же кезектеги жалпы чогулушунда каралат.

## VII. Коомдук бирикменин башкаруу органдарынын жоопкерчилиги

7.1. Коомдук бирикменин башкаруу органдары алып барган иш аракеттерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат

## VIII. Коомдук бирикменин мүлкү.

**8.1.** Коомдук бирикме, өз мүлкүн уставда көрсөтүлгөн максаттарга жумшайт.

**8.2.** Коомдук бирикменин мүлкүн төмөнкүлөр түзөт:

- Уюштуруучу (мүчөлөрү), демөөрчү, коомдук, коммерциялык, бейөкмөт ж.б. мекемелер жана уюмдардан түшкөн мүлктүк төлөм жана кайыр-садагалардан;
- Түрдүү иш чараларды уюштуруудан түшкөн каражаттардан (маданий, спорттук ж.б. массалык иш-чараларды уюштуруу, кайрымдуулук акцияларын өткөрүү, лекция, көргөзмө, аукцион ж.б. иш – чаралар);
- Коомдук бирикменин чарбалык ишмердүүлүгүнөн түшкөн киреше;
- Коомдук бирикменин менчигинен алынуучу киреше;
- Мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка кирешелер.

**8.3.** Мүлктүн материалдык, интелектуалдык каражат ж.б. түрүн Коомдук бирикме ыктыярдуу салым катары кабыл ала алат.

**8.4.** Коомдук бирикменин өндүрүштүк жана чарбалык ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешеси уставдык маселелерди аткаруу үчүн гана пайдаланат.

## IX. Коомдук бирикменин уюштуруу документерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби

**9.1.** Коомдук бирикменин уюштуруу документерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, бирикменин жалпы мүчөлөрүнүн чечими менен ишке ашырылат.
**9.2.** Коомдук бирикменин уюштуруу документерине киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык мамлекеттик кайра каттоодон өткөн күндөн тартып юридикалык күчүнө ээ болот.

## X. Коомдук бирикменин ишмердүүлүгүн токтотуу

**10.1.** Коомдук бирикменин иш-аракетинин токтотулушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсүтүлгөн тартиптердин негизинде жоюлуу жана кайрадан түзүлүү жолу менен жүргүзүлөт.
**10.2.** Коомдук бирикменин иш-аракетин токтотуу тууралуу чечимди кабыл алуу Жалпы мүчөлөрдүн чогулушунда каралат.
**10.3.** Жактардын талаптары канааттандырылгандан кийинки калган мүлктөр Коомдук бирикменин уставында көрсөтүлгөн максаттарга жумшалат.
**10.4.** Коомдук бирикменин иш-аракетинин токтотулушу юридикалык жактардын мамлекеттик Бирдиктүү реестрине жоюлган тууралуу тийиштүү маалымат киргенден соң иш-аракети токтотулган болуп саналат.
**10.5.** Коомдук бирикменин иш алып баруу процессинде пайда болгон документтер, Кыргыз Республикасынын «Улуттук архивдик фонд» жөнүндөгү мыйзамынын негизинде аткарылыш жана тийиштүү мекемелерде сакталат.

**Төрайым** ______________ **Омуралиева Нуржамал Алишеровна**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

**Ош облусунун жана Ош шаарынын Юстиция башкармалыгы**

каттоочу органдын аталышы

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

# КҮБӨЛҮК

**143145-3306-КБ**
каттоо номуру

**29009513**
ИУЖК коду

**02512201410041**
идентификациалдык салык номуру

Ош
шаары

2018-жылдын 04-апрели

**Юридикалык жактын фирмалык аталышы**
«Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары» коомдук бирикмеси

**Уюштуруучулук-укуктук формасы**
Коомдук бирикме

**Менчик:** жеке

**Жайгашкан жери (дареги)**: Кыргыз Республикасы,
Ош облусу, Өзгөн району, Дон-Булак а/а, Чымбай айылы.

**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы: 25.12.2014-ж**

сериясы **ГПЮ**

№ 0028074

**Жетекчи** — **А. Зияев**

жетекчиси — аты, фамилиясы

## КВИТАНЦИЯ №327

**город Ош** «10» 04 2018 года

Общественное объединение «Центр права и развития»
Регистрационный номер 129929-3310-ОО, ОКПО: 27626644, ИНН: 02805201310013, город Ош, ул. Г. Айтиева, 9 «А»;

**Способ платежа:** наличными.**Плательщик:** ОО «Попечители средней школы №54 имени Турдумаматова Сарыкова» через Кадырова Шарапат Насировна .

| № | Наименование товара, услуг и т.д. | Ед. изм. | Количество | Цена | Сумма в сомах |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Разработка учредительных документах ОО «Попечители ср. школы им. №54 им. Турдумамата Сарыкова» | шт. | 1 | 3 000 | 3 000 |
| 2 | Изготовление печать | | 1 | 3000 | 3000 |
| Итого | | | | | 3000 |

**Сумма:** три тысяча сом, ноль тыйын

**Председатель ОО «Центр права и развития»**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ГОРОД ОШ "УКУК ЖАНА ӨНҮГҮҮ БОРБОРУ" КООМДУК БИРИКМЕСИ ИНН 02805201310013 ОБЩЕСТВЕННОЕ ОБЪЕДИНЕНИЕ "ЦЕНТР ПРАВА И РАЗВИТИЯ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ШААРЫ

**«Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесинин башкаруучу органынын тизмеси**

| Аты-жөнү т.ж. | Паспорт | Кызматы | Колу |
|---|---|---|---|
| Омуралиева Нуржамал Алишеровна 30.12.1976-ж. | Паспорт AN 0701558 ИИМ 50-00 тарабынан 2008-ж. 05-февралында берилген | төрайым | |

**«Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесинин демилгечилеринин тизмеси**

| Аты-жөнү т.ж. | Паспорт | Дареги | Колу |
|---|---|---|---|
| Омуралиева Нуржамал Алишеровна 30.12.1976-ж. | Паспорт AN 0701558 ИИМ 50-00 тарабынан 2008-ж. 05-февралында берилген | Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Өзгөн району, Чымбай айылы. | |
| Аширбеков Кылычбек Орозмаматович 01.04.1969-ж. | Паспорт AN 2363360 МКК 50-47 тарабынан 2011-ж. 11-майында берилген | Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Өзгөн району, Чымбай айылы. | |
| Касиева Асель Темирхановна 12.05.1975-ж. | Паспорт AN 2888951 МКК 50-47 тарабынан 2012-ж. 10-майында берилген | Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Өзгөн району, Чымбай айылы. | |

Нотариус, кол тамгалардын түп нускасын күбөлөндүрүп жатып, документте көрсөтүлгөн фактыларды күбөлөндүрбөйт, жөн гана кол тамгалар белгилүү жактар тарабынан коюлганын тастыктайт.

«20» декабрь 2014-жыл

Мен, Абдылдаев Исламбек Келдибаевич, Ош шаарынын нотариалдык округунун жеке нотариусу (лицензия № 676 МЮКР) менин катышуумда болгон **Омуралиева Нуржамал Алишеровна, Аширбеков Кылычбек Орозмаматович, Касиева Асель Темирхановналардын** кол тамгаларынын түп нускаларын күбөлөндүрөм.

Жарандардын инсандыгы такталды, алардын жарамдуулугу текшерилди.

№ 1769 тизмеде катталды

50 сом мамлекеттик алым алынды

Жеке нотариус

**«Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесинин жалпы мүчөлөрүнүн мамлекеттик кайра каттоодон өткөзүү жөнүндөгү протоколу**

**Чымбай айылы, Дөн-Булак айылдык аймагы** **«26» март 2018-жыл**

**Жалпы мүчөлөрдүн саны - 3 адам;**
**Катышкандар - 3 адам;**
**Кворум: 100 %**

**Кун тартибиндеги маселелер:**

1. Чогулуштун төрайымын жана чогулуштун катчысын шайлоо жөнүндө;
2. «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесин «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары» коомдук бирикмесине фирмалык аталышын өзгөртүү жөнүндө;
3. «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесинин уставын жаңы редакцияда бекитүү жөнүндө;
4. «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесин мамлекеттик кайра катоодон өткөрүү жөнүндө.

**Күн тартибиндеги маселелерди талдап чогулуштун катышуучулары бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

1. Чогулуштун төрайымы болуп **Омуралиева Нуржамал Алишеровна** жана чогулуштун катчысы болуп **Аширбеков Кылычбек Орозмаматович** шайлансын.
2. «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесинин фирмалык аталышы төмөнкүдөй аталсын:

**Коомдук бирикменин фирмалык толук аталышы:**

**Мамлекеттик тилде:** «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары» коомдук бирикмеси.

**Расмий тилде аталышы:** Общественное объединение «Попечители средней школы №54 имени Турдумамата Сарыкова».

**Коомдук бирикменин фирмалык кыскартылган аталышы:**

**Мамлекеттик тилде:** «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкорчулары» КБ.

**Расмий тилде аталышы:** ОО «Попечители средней школы №54 имени Турдумамата Сарыкова».

3. «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмесинин уставы жаңы редакцияда бекитилсин.
5. «Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектебинин камкордук көрүүчү кеңеши» коомдук бирикмеси Ош облусунун жана Ош шаарынын юстиция башкармалыгынан мамлекеттик кайра катоодон өткөрүлсүн.

Ошол эле учурда, ушул протоколдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы жана мыйзам менен белгиленген учурдагы юридикалык жакты кайра каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгын тастыктайбыз.

**Чогулуштун төрайымы** ________________ **Омуралиева Нуржамал Алишеровна.**

**Чогулуштун катчысы** ________________ **Аширбеков Кылычбек Орозмаматович.**